Мээнеткеч айылындагы Асан Жансейитов атындагы орто мектеби

Ата-энелер үчүн лекторий

Өткөрүлгөн күнү: 20.09.2022-жыл

Темасы : “Баланын коопсуздугу – үй-бүлөнүн колунда”

Иш чаранын максаты:

Балдар менен өз ара мамиле түзүүдө ата-энелердин компетенттүүлүгүн жогорулатуу.

Милдеттер:

-зомбулук түшүнүгүн ачып берүү;

-балдарга болгон зомбулуктун зыяндуу натыйжаларын ата-энелерге түшүндүрүү;

-үй-бүлөдө балдар менен өз ара мамиле түзүүнүн зомбулуксуз жолдорун, ыкмаларын жана чараларын талкуулоо.

Жабдыктар: топтордо иштөө үчүн кагаз, калемдер, маркер ватман,бор.

Иш- чаранын планы:

1.Алып баруучунун кириш сөзү.

2.Топто иштөө “Зомбулук анын түрлөрү жана натыйжасы.

“Көйгөй дарагы” көнүгүүсү.

3.Жагдайлуу маселелерди чечүү. Ролдук оюндар

4.Мамиле түзүүнүн 6 принциби.

Иш-чаранын жүрүшү

1. Алып баруучунун кириш сөзү.

Урматтуу ата-энелер! Ата-эне болуу- бул сүйүнүчтүү жан ошол эле маалда жоопкерчиликтүү жана оор эмгек. Бул эмгекти аткарууда сиздер шек туудурган сезимдерге кабылып, кээ бирде жол таппай каласыздар, эмне дегенде, балдарыбыз бизди айласыз кырдаалдарга туш келтиришет. Бүгүнкү иш чарага муктаждык бүгүн эле пайда болгон жок, бул муктаждык көп жылдардан бери эле актуалдуу.

Бул көйгөйду чече албасак, адамзатты басып алат, бул көйгөйдүн таанымал аты бар - **"зомбулук".**

**2. Зомбулук-** физикалык саламаттыкка, психологиялык жайлуулукка коркунуч келтирген бир адам же үй-бүлө тарабынан жасалган жагымсыз иш-аракеттер.

Зомбулуктун түрлөрү: 1.Физикалык

2.Психологиялык

3.Сексуалдык

4.Муктаждыктарды канаттандырбоо.

"Көйгөй дарагы " көнүгүүсү

Жагдайлуу көнүгүүлөрдү чечкенге киришели . Ролдук оюндар.

4 топ менен иштөө

1-жагдай: Сиздин уулунуз сүйлөшкөн убакыттан кыйла кечигип үйгө кайтты.

Сиз уулунузду кантип тосуп аласыз?

---

2-жагдай: Сиздин кызыныз аябай жакшы окуйт, бирок үй тиричилигинде сизге жардам бергиси келбейт?

Мындай жагдайдан кантип чыксак болот?

---

3-жагдай: Ата-эне баласына белгилүү бир максатты көздөп акча белек тартуулашты. Бала ата-энеси дайындап берген буюмду албай башкага коротот.

Мындай учурда эмне кылабыз?

---

4-жагдай: Кызыныз сизден аябай кымбат көйнөктү сатып берүүнүздү суранып жатат, сиздин болсо акчаныз жетпей жатат?

Сиз кызынызга эмне деп түшүндүрөсүз?

---

Ата-энелер окшош жагдайларга кабылганда, балдарында кандай сезимдер туулганына көздөрү жетип, түшүнө башташат.

Ролдук оюндар терс сценарий менен аткарылса, позитивдүү чечимди дагы оюнда көрсөтүүнү талап кылуу.

4 **Мамиле түзүүнүн 6 принциби**

Бала менен байланыш түзүү - дайыма азгырык. Ал менден алсыз, менден азыраак билет, менсиз жашай албайт. Демек, менин тилимди албаса, мен койгон шарттарды аткарбаса ага ачуулануу, каардануу, өз балама өзүм каалагандай мамиле жазаймын.
Чын эле ушундайбы?

Эч кимибизге сыр эмес, күндөлүк жашоодо балдар чон кишилер менен тентуштары менен мамиле түзүүдө ар кандай чыр чатакка, жанжалга учурашы мүмкүн. Айтылган кырдаалда, чон кишинин мамилеси баланын мүнөзүнүнкалыптанышына абдан чон таасир этет. Баланын мүнөзү он жана терс жагына өзгөрүшү мүмкүн.
Чыр- чатак жагдайын кандайча адамгерчилик менен натыжалуу чечсе болот?

Келиниздер, бүгүн биргеликте мамиле түзүү ченемдери менен таанышалы.

Бала ата-энеси менен байланыш түзүп, сүйлөшүп- сырдашып, туура баарлашууну каалоосу үчүн , 6 ченем бар экенин эске тутуп калуу зарыл, аларды рецепт катары жазып алсаныздар да болот.

Анын мазмууну:

**Баланы кабыл алуу-** бул эч нерсеге карабастан, ата-энесинин баланы жакшы коргондугун бала өзү түшүнүүсү.

**Баланы кабыл алуу-** бул анын мыкты баалар же жаткан төшөгүн жыйганы үчүн эмес, жөн гана анын бул дүйнөдө бар болуу фактысы үчүн сүйүү.Баланын барктуулугу жатат.

**Моюнга алуу жана таануу-** бул баланын коопсуздугун сактап калуу.

Баланын туура эмес кылык жоругу учураганда , ата-эне баланы коркутпай, тез арада күнөөсүн моюнга алып, кечирим сурашын талап кылбай, тескерисинче ата-эне бала менен биргеликте мындай кылык жорукка эмнелер себепкер болду, алдыда дагы мындай жагдайларга учурабаш үчүн эмне кылуу керектигин талкуулап түшүнүүсү зарыл. Ата-эне эсине бекем тутуш керек, кемчиликерди түзөтүү үчүн балага шылдындабай, кемсинтпей, күнөөлөбөй мамиле түзүш керек.

**Сүйүү** бала үчүн эң мааанилүү сезим.

Психологдордун пикири боюнча, бала жашына карабастан сүйүүгө жана мээримге муктаж. Күнүнө 4-5 жолу баланы өөп, кучактап эркелетүү керек. Ата-эненин оюу боюнча маанилүү эмес, арзыбаган, эң жөнөкөй баланын иш аракеттерин дагы баалоосу зарыл. Сүйүү гана кемчиликтерди азайтып, түздөй алат.

**Жеткиликтүүлүк-** бул түшүнүк 21 кылымдын үй-бүлөсү үчүн эң маанилүү.Көптөгөн ата-эне өз баласын тарбиялоодо учураган ар түрдүү кырдаалдын себептерин бала менен сүйлөшүүгө убакыттын жетишпестигинен көрүшөт, эмнеге дегенде кечке жумушта болуп, баласына көңүл бурууга жетишпей калгандыгын айтат.

**Жеткиликтүүлүк- бул дайыма азгырган иш-аракеттерди четке кагып, убакыт таап бала менен маектешкенге аракеттенүү.**

Бала менен маек куруну кечендетүү кээде өлүмгө барабар.Колум бош эмес, кийинчереек бул маселеге кайрылам деп шылтоологон жарабайт. Ата-эне эсине сактоо керек, бала менен убакыт өткөрүү бул үй тапшырмасына жардам берүү, балага насыят айтуу менен чектелбейт. Бала үчүн жеткиликтүүлүк- бул баланын суроолоруна убагында жооп берүү, сезимдери менен бөлүшүү,сырдашуу, талкуулоо

**Жоопкерчилик-** баланы жоопкерчиликтүү болуп өсүшүн каалаcаныз- тарбиялоодо чектөө методун колдонунуз. Бала кезден баштап ата-эне керектүү убакта "жок" деген сөздү айта албаса, ата-эненин жашоосу кыйындыкка айланат. Ата-эне эсине тутуу керек, бирөөсү уруксат берип, экинчиси тыюу салса, үй- бүлөлүк тарбия эң эле коркунучта десек болот. Мындан дагы коркунучтуу деп, ата-эненин бири баласына кошулуп, анын кылык жоругун экинчисинин ачууланусунан коркуп жашырганын айтсак болот. Баланын жагымсыз кылык-жоруктарын жашырып жатып , баланын кылмыш иштерине шарт түзүп алабыз.

Ата-эненин кадырлуулугу- Өз баландын алдында кадырлуу болом деген ата-эне көшөрө эмгектенүү керек. Туугандар жөнүндө, айланадагы адамдар жөнүндө, мугалимдер жөнүндө ата-эненин айткан ой-пикири , ата-эненин сырткы чөйрөдөгү жүрүш-турушу, ата-эненин кылык жоругу, жумушка болгон мамилеси, өз ара мамилелер-баары ата-эненин кадырын түзөт.